**БЕКИТЕМ**
А.Ж. Мырсабеков атындагы Ош
мамлекеттик педагогикалык университетинин
ректору, педагогика илимдеринин доктору,
профессор Зулуев Бекмурза Бекболотович
______________________
«__9__»______02______2024-ж.

Имаралиева Жамила Рахманалиевнанын «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы (орто мектептин мисалында)» деген темада 13.00.02 − окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## Р А С М И Й   П И К И Р И

Илимий жетекчиси: Үкүева Бүшарипа Кожояровна − п.и.д., доцент

Диссертация аткарылган окуу жай: Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасы.

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Имаралиева Жамила Рахманалиевнанын «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы (орто мектептин мисалында)» деген темада даярдалган кандидаттык диссертациясы толугу менен окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистигинин талаптарынын алкагында аткарылган. Ааламдашуунун арааны жүрүп, мурдагы чек ара түшүнүгү өзүнүн маанисин жоготуп, бүт адамзат каалаган маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп турган учурундагы маалыматтардын арасында ар кандай мазмундагы түшүнүктөр (диний, илимий, коомтаануучулук, улуттук мамилелер, таалим-тарбия ж.б.) кездешет. Мындан, максатка ылайык, жаш муундардын инсан катары калыптанышына жагымдуу таасирин тийгизүүчү маалыматтарды иргеп алуу жоопкерчилиги билим берүү системасында мугалимдин мойнуна жүктөлө тургандыгы анык.

Учурда адамзаттын алдында, айрыкча, бизге окшогон аз сандуу улуттар үчүн, ааламдан жок болуп кетпей, өздөрүнүн адамдык кадыр-баркын сактап жашап калуу эң башкы максатка айланды. Мындай кырдаалда таалим-тарбия



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 81 «12» 02 2024 вх/г

коомдун өнүгүүсүнөн бүгүнкүдөй артта калбай, мезгил менен тең кадам таштоого умтулуп, алдыда жүрүүсү –мезгил мерчеми экендигин эске алуу менен мектеп окуучусу ар кандай жаңы жагдайларда өзүн жоготпой, келечегин көрө билип аракеттенүүгө, өз заманын өнүктүрүүгө салымын кошо алгыдай таалим-тарбия алышы керек. Бул позициядан алганда, ар бир мектеп бүтүрүүчүсү коомдук турмушка жуурулушуп, аралашышы зарыл. Башкача айтканда, ааламдашуу шартында инсандык укук менен адамзаттын тагдырынын жоопкерчилигин сезүү, ар бир жарандын эркин өнүгүүсү менен бардык адамдардын бир коомчулукка интеграцияланышып, гуманисттик дөөлөттөргө негизделген мамилелерди түзө билүүсүн жаратууга умтулушу шарт.

Ошондуктан, мектепте окуучу ар түрдүү турмуштук милдеттерди чечүүгө зарыл болгон билимдин эки түрүнө: курчап турган айлана-чөйрөдөгүлөр жөнүндөгү билимге (бул эмне?) жана иш-аракеттин ыкмалары же процесстер жөнүндөгү билимге (буларды кантип колдонуу керек) ээ болушу абзел. Бул жерде мугалимдин милдети – окуучу чыныгы баалуулуктарды жалгандан ажырата билгендей, ошого карай аракеттенүүлөрүнө өбөлгө түзгөндөй иш алып баруусу зарыл. Азыркы күндөгү мектеп окуучулардын алган билимдерин турмушта колдоно билүүлөрүн, ал аркылуу жеке сапаттарын өнүктүрүп, коомдо татыктуу жашоо мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу максаты коюлууда. Андыктан, орто мектептин окуучуларын жамааттык жоопкерчиликке тарбиялоодо «Манас» эпосундагы сюжеттик окуялар, кыргыз элинин асыл баалуулуктары менен окуучулардын руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багыттагы ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү заман талабы болуп саналат.

Бул көз караштан алганда «Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» - деген Манастын анты балдарды коомчул, жамаатчыл жоопкерчиликтерин калыптандырууда, аларды «чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган», элдик кызыкчылыктарды биринчи планга коюунун духунда тарбиялоодо өзүнчө бир түгөнгүс руханий ресурс катары бул илимий изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап, Имаралиева Ж. Р. тарабынан даярдалган иш Д 13.23.673 диссертациялык кеңештин адистик профилине туура келгендигин аныктоого болот.

**2. Изденүүчүнүн жеке салымы**. Орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандырууну өркүндөтүү проблемасы соңку талаптарга ылайык кыргыз педагогикасында жекече иштелип, педагогикалык эксперименттер жүргүзүлүп, алынган натыйжалар практикага сунушталгандыгында.

**3. Изилдөөнүн натыйжаларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы, изденүүчүнүн диссертациясында жазылган тыянактары жана корутундулары.** Диссертацияда коюлган милдеттер талданып, чечилген. Ишти

жүргүзүүдө алдын ала аныкталып белгиленген методологиялык негиздердин алкагында предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүү, анализдөө жана синтездөө жолу менен жүргүзүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, изилдөөнүн негизги жыйынтыктарынан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин түзүлүшү илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн тапшырмаларын толук аныктайт.

Тыянактар негиздүү жана изилдөөнүн натыйжаларынан келип чыгып, коюлган милдеттерге жооп берет. Жыйынтыктар педагогикалык калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы менен тастыкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн **биринчи бабы «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун жалпы маселелери» деп аталып, анын «Жамаат», «жамааттык» (коллектив, коллективизм) түшүнүктөрүнүн философияда, психологияда, социологияда жана педагогикада изилдениши»** деп аталган 1-параграфында изилдөөбүздүн максатына ылайык орто мектептин окуучуларынын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу жөнүндө сөз кылуудан алдын «жамаат» деген сөздүн мааниси аныкталат.

Кыргыз Республикасынын окуу программаларына «Манас» эпосунун кирүү тарыхы чагылдырылган жана «Манас» эпосуна берилген сааттардын көлөмү, формасы, окутуу өзгөчөлүктөрү тууралуу ойлор камтылган. Изилдөөнүн 2-параграфында «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөр көбүнчө фольклористика багытында жазылып келсе, эгемендүүлүк жылдарынан баштап педагогикалык багыттагы изилдөөлөргө анализ жасап, окумуштуу Советбек Байгазиевдин 25 эмгегине токтолуп, анын «Манас» эпосун окутуу боюнча жазылган эмгегектеринде, эпосту окутуунун 36 балуулугун көрсөткөндүгү белгиленген.

Диссертациянын 2-бабы **«Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору** деп аталып, анда окуу-нормативдик документтер, президент тарабынан жарыяланган соңку жарлыктар («Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы», «Улуттук нарк жөнүндө»), мыйзам актылары («Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү»), концепциялар («Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы»), окуу программалары, окуу методикалык колдонмолор, окуу китептери жана мугалимдердин иш-тажрыйбалары диссертацияда пайдаланылган. Изилдөөдө колдонулган теориялык методдор жөнүндө маалыматтар берилип, зарылдыгына жараша, илимий эмгектерди талдоо, мугалимдер менен

аңгемелешүү, сабактарга катышуу жана талдоо, анкеталык сурамжылоо, тесттерди алуу, оозеки жана жазуу иштерин жүргүзүү жана талдоо, интерактивдүү сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгуу, анализ, синтез, байкоо, моделдештирүү, интервью алуу, салыштыруу, жалпылоо ыкмалары колдонулган.

**Үчүнчү бап «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатуунун методикасы»** деген аталышта берилип, бул бапта «Манас» эпосун окутуунун максаты катары орто мектептердин окуучуларынын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу, окурмандык ишмердүүлүгүн арттыруу, эне тилинде оозеки кеп казынасын өстүрүү, сөздүк корун байытуу менен көркөм ой жүгүртүүсүн калыптандыруу жана интерактивдүү усулдардын негизинде чыгармачылык ой чабытын өнүктүрүү зарылдыгы белгиленген.

**4.Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалулугу:**

- Кыргызстандын рынок системасынын шарттарында өсүп келе жаткан жаштарда өзүмчүл, пайдакечтик башталмалар өсүш алып жаткан кырдаалда «Манас» эпосунун мекенчил, жамаатчыл руханиятын жаш муундардын жан дүйнөсүнө трансформациялоону объект кылып алгандыгында жана мектеп балдарын жамаатчыл жоопкерчиликтүү духта социалдаштыруунун методикасы биринчи жолу иштелип чыгылгандыгында.
- Мамлекеттүүлүгүбүздү бекемдей турган жамаатчыл жоопкерчиликтүү, мекенчил менталитетти өстүрүүнүн эффективдүү методикалык-технологиясын жараткандыгында жана анын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу тастыкталгандыгында.
- «Манас» эпосунун окуу программаларына кирүү тарыхы аныкталгандыгында жана «Манас» эпосу боюнча эгемендүүлүктүн жылдарында жаралган педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдүн мазмуну, методикалык маңызы, биринчи жолу чечмелегендигинде.
- Окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин өстүрүү зарылдыгынын контекстинде мектептердеги эпостун окутулуш тажрыйбасы, абалы анализделгендигинде жана жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун ыкмалары, жолдору өндүрүшкө сунушталгандыгында.

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча изденүүчүнүн 13 макаласы, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган РИНЦ статусу бар 2 чет өлкөлүк жана Кыргызстандагы 10 илимий журналда, 1макала XI эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагында чагылдырылган.

**5. Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана сунуш кылынган жоболор орто мектептин кыргыз адабияты предметинин мугалимдеринин, окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин өнүктүрүүдө, окутуунун мазмунун, сабактын максатын так аныктоого, окутууну уюштуруу формаларын жана методдорун, каражаттарын (технологияларын) туура тандап, сабактын практикалык баалуулугун өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөндүгүндө; «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатуу боюнча сунуш кылынган сабактын үлгүлөрү, усулдары окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, жалпы эле окурмандык кызыгууларынын жогорулашын шарттагандыгында; «Манас» эпосун окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзгөндүгүндө; изилдөөнүн материалдарын кыргыз адабияты мугалимдери, окутуучулар жана илим изилдөөчүлөр үчүн методикалык колдонмо катары пайдаланууга мүмкүнчүлүктүн бардыгында.

**6. Автореферраттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Имаралиева Жамила Рахманалиевнанын «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы (орто мектептин мисалында)» деген темада 13.00.02 –окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине бардык компоненттери боюнча автореферраттын мазмуну дал келет. Автореферраттын орус жана англис тилиндеги резюмеси кыргызча резюмесинин мазмуну менен иденттүү талапка ылайык аткарылган. Диссертациялык иш жана автореферат Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын көрсөтмөлөрүнө ылайык даярдалган.

**Диссертациянын мазмунунда байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

6.1. «Манас» эпосу кыргыз адабияты предметинин негизинде орто мектепте окутулуп жаткан соң диссертацияда сабактардын үлгүлөрү сунуш кылынган, аларды кеңейтүү, баяндама, эссе жазуу үчүн тапшырмаларды сунуш кылуу зарылдыгы бар;

6.2. «Манас» эпосун жамааттык жоопкерчиликке негиздеп окутууга тиешелүү окутуунун технологиялары боюнча окуу-методикалык колдонмо чыгаруу жагын колго алуу;

6.3. Иште айрым компьютердик техникалык каталар кездешет.

Жогоруда биз көрсөткөн кемчилдиктер изденүүчүнүн жалпы эмгегинин баасын төмөндөтпөйт, аларды четтетүүгө мүмкүн деп эсептейбиз.

**7. Диссертациянын КРнын УАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына ылайыктуулугу.**

Имаралиева Жамила Рахманалиевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган жана педагогика илими үчүн олуттуу мааниси бар изилдөө катары кароого болот.

Имаралиева Жамила Рахманалиевнанын «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы (орто мектептин мисалында)» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун № 10 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Ж. Р. Имаралиеваны 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Имаралиева Жамила Рахманалиевнанын «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы (орто мектептин мисалында)» деген темадагы диссертациясына пикир А.Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин кыргыз тили жана адабияты, башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедраларынын 2024-жылдын 9-февралындагы отурумунда (протокол №6) каралды.

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б. Б. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Үкүева Б.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Саттарова А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, доцент(13.00.02);
4. Касымбеков Э.А.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.02.01)
5. Даминова И. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Абдывасиева З. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
7.Миңбаева К.В.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
8. Рахматуллаева Д.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
9.Абдуллахамидова Б.Н. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
10.Умарова Р.Н.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
11.Шербаева Ж.Р.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);

12.Акматова Ч.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
13.Джумаева Ж.Т. – филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.01);
14. Токтосунова А.М. – филология илимдеринин кандидаты, улук окутуучу (10.02.01)
15.Келдибай к. М. – филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.01);
16.Мондошов Ш.Н. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02).

Отурумдун төрагасы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: Э. А. Касымбеков

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Э. А. Касымбековдун колун тастыктайм.
А.Ж. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун окумуштуу катчысы: Джумаева Ж.Т.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
ТАСТЫКТАЙМЫН
« 9 » 02 2024 ж.г.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Кадыралиева А.Б.

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673
12.02.2024 Омурбаева

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ ОБЩИЙ ОТДЕЛ
ИНН 01212199610111